DOI:10.33942/sit.ssh027 УДК:504.37

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

**Юсупова А.М.[1], Камбарова Н.Р.[2]**

[1]*Ж.Баласагын атындагы КУУнун педагогика факультетинин доценти, yusupovaaltynai769@gmail.com*
[2]*ОшМУнун педагогика факультетинин 2 курсунун магистранты, nazirakambarova24@gmail.com*

***Аннотация.*** *Бул макалада кенже класс окуучуларынын сабактарын окутууда экологиялык тарбияны калыптандыруу боюнча илимий көз караштар, изилдөөлөр топтолуп берилди. Сабактарды окутуу менен бирге окуучуларга экологиялык аң-сезимди, экологилык тарбияны, маданиятты калыптандыруу, кенже куракtan баштап жаратылышка аяр мамиле кылууга, табияттагы тирүү организмдерге гуманисттик көз караашта мамиле кылууга тарбиялоону өз ичине камтыды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *экология; экологиялык тарбия; гуманитардык экология; технология.*

# ТЕХНОЛОГИИ ФОРМИРОВАНИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

**Юсупова А.М.[1], Камбарова Н.Р.[2]**

[1]*КНУ им.Ж.Баласагына, Доцент, yusupovaaltynai769@gmail.com*
[2]*ОшГУ, магистрант, nazirakambarova24@gmail.com*

***Аннотация.*** *В данной статье обобщены научные взгляды и исследования по формированию экологического образования в процессе обучения учащихся начальной школы. Также в ней освещены вопросы обучения и воспитания учащихся развитию экологического сознания, экологического образования, культуры, заботы о природе и гуманного подхода к ней с раннего возраста.*

***Ключевые слова:*** *экология; экологическое воспитание; гуманитарная экология; технология.*

# TECHNOLOGIES FOR FORMING ECOLOGICAL EDUCATION IN ELEMENTARY SCHOOLS

**Yusupova A., Kambarova N.**

***Annotation.*** *This article summarizes the scientific views and studies on the formation of environmental education in the process of teaching elementary school students. In addition to teaching caring, students are taught to develop environmental awareness, environmental education, culture, caring for nature from an early age, and a humane approach to nature.*

***Keywords:*** *ecology; environmental education; humanitarian ecology; technology.*

Билим коомдун социалдык-маданий өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ушунун негизинде анын негизги социалдык-маданий функцияларын аныктап алууга болот. Алар адамзат тарабынан топтолгон атайын тажрыйба жана жалпы фрагменттерди, ошондой эле коомго карата социалдык жана маданияттык

адекваттуулуктун нормаларын жана эрежелерин, социалдык-функционалдык ролду өздөштүрүүдө натыйжалуу иш-аракеттин билим, билгичтик жана көндүмдөрүн трансляция аркылуу окуткан инсандын социалдаштыруу жана инкультурациялоо милдеттерин чечүүгө багытталган.

Инсанды билим жана тарбия берүү процессинде инкультурациялоо аны коом маданиятынын «жемиши» катары калыптандырат, аң-сезимине баалоочу жана жүрүм-турум стереотиптерин жана көндүмдөрүн, маданий үлгүлөрдү киргизет, ошондой эле анда ошол маданий улгулөрду коомдук маданияттын нормалары, эрежелери жана салттары нугунда алууга, колдонууга жана интерпретациялоого окутулган маданият «керектөөчүсүн» тарбиялайт [9, 210-б.]. Ал коомдун муктаждыгына адекваттуу инсанды калыптандырат.

Албетте, биздин билим берүү системабызда өсүп келе жаткан муундун илимий, маданий жана руханий жактан өнүгүүсү үчүн потенциал бар жана козголгон көйгөйлөрдү чечүүдө, биринчиден, Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын аныкталган жетишкендиктерине, оң тажрыйбасына жана терең тарыхый салтына таянуу керек.

Кээ бир педагогдор педагогикалык процессти идеологиядан арылтууну окуучу жаштарды тарбия ишинен бошотуу катары кабыл алган учурлар кездешет. Мунун негизинде мекенге болгон сүйүү, мыйзамды сыйлоо, жаратылышты сүйүү, адептүүлүктү калыптандыруу маселелери методикалык колдонмолордо жана окуу куралдарында каралбай калды. М.И. Шилова «жакшы тарбияланган окуучулар - эненин кубанычы, мугалимдин сыймыгы», – деп абдан туура белгилеген [10, 3-б.].

Окуучулардын тарбиялуулугу – билим жана тарбия берүү процессинин эффективдүүлүгүнүн негизги көрсөткүчү. Окумуштуу С. Байгазиев: «Адамзаттын мындан аркы прогресси жалаң гана илим менен техниканын өнүгүшүнө байланышпайт. Жер шаарындагы цивилизациянын өсүп-өнүгүшү анын кадыр баркы, баалуулугу, адамдардын адеп-ахлагынын, ички дүйнөсү, ыйман жанынын тазалыгынын, актыгынын, сулуулугунун өркүндөшүнө да терең байланышат» – деп белгилейт [2, 192-б.].

Экологиялык маданият инсанды коом тараптан аныкталган идеалга ылайык келген анын өзүнчө сапаттарын калыптандыруунун негизинде өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо негизги орундардын бирин ээлөөсү керек. Биз аны калыптандырууда бардык жоопкерчиликти табигый илимдер сабагынын мугалимдерине гана жүктөөгө тийиш эмеспиз, бул бардык рангдагы жана деңгээлдеги мугалимдердин иши, себеби тарбия берүү бүтүн процесс болуп саналат жана анын бөлүнүшү шарттуу мүнөзгө ээ деп эсептейбиз.

Өндүрүштүк ж.б. технологиялардын таралышы бир гана жаныбарларга, өсүмдүктөргө карата эмес, ошондой эле адамдар үчүн да негизсиз катаалдык. Жалпы жана өздүк жашоого карата керектөө мамилесине артыкчылык берилгенин окуучуларда адабий окуу  сабагы аркылуу боорукердик, өзүн-өзү чектөө, жаратуу сыяктуу сапаттарды тарбиялоо менен, алардын адептүүлүгүнүн фундаменталдык негиздерин бекемдөө аркылуу төмөндөтүүгө болот. Н.С. Дежникова: «…өзгөчө көйгөй болуп окуучуларда сезим чөйрөсүн өнүктүрүүгө түрткү болгон ылайыктуу технологияларды иштеп чыгуу саналат. Бул баалуулуктарды өздөштүрүү өспүрүмдөрдүн жаратылыш менен, өзү менен жана башка адамдар менен бирдикте жашоо тууралуу илимге, ошондой эле өспүрүмдөрдү окуткан жана аларды экологиялык багыттагы практикалык иш-аракетке кошкон методдорго жетишине жардам берет,» – деп эсептейт [3, 12-б.].

Окуучулардын жаратылышка карата адептүү мамилесин калыптандыруу көйгөйүн дүйнө жүзүндө көптөгөн окумуштуулар активдүү талкулоодо. А. Моронинин көз карашы боюнча: «…мектептин милдети балага жаратылыш чөйрөсү менен туура мамиле түзгөнгө жардам берүүгө аракет кылуудан турат» [8, 200-б.].

КМШ, Канада, Англия, Швеция ж.б. өлкөлөрдө экологиялык маданиятты калыптандырууга артыкчылыктуу болуп сабактын түздөн-түз жаратылышта өтүүсү, негизин жаратылышты эмоционалдуу кабыл алуу түзгөн экологиялык оюндар, атайын бөлүнгөн күндөр жана долбоорлор өткөн жумалар эсептелинет. Германияда ар бир адамдын жаратылышка карата жүрүм-турумдарына мисалы, таштандыны кайра иштетүү көйгөйүнө чоң маани беришет. Россияда 1990-жылы экологиялык билим берүү системасында демилгелер, каржы, негизги багыттар, максаттар аныкталган «айлана-чөйрө боюнча билим берүү тууралуу» улуттук мыйзам кабыл алынган [6, 77-82-бб.].

Өлкөбүздөгү  экологиялык маданиятты калыптандыруунун мазмунун жана технологиясын алсак, биз өзүбүздүн каада-салтыбызга таянышыбыз керек. Ал эми ошол элдик экологиялык маданият жөнүндө салттык идеялар ар качан адабий чыгармаларда чагылдырылып келген. Учурда окуучуларды жаратылышка карата жоопкерчиликтүү мамиле кылууга тарбиялоодо ошол элдик баалуулук багытты эске албастан көпчүлүк окумуштуулар өнүккөн өлкөлөрдүн жетишкендиктерин толугу менен өздөштүрүп алууну максат кылышат. Албетте ал жетишкендиктердин керектүүсүн алуу керек. Бирок, өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасында эффективдүү өздөштүрүлгөн нерсе биздин кыргыз мектептерине дайым эле туура келе бербесин эске алуу керек.

В. М. Межуев: «Жарандык коомдун орношу жана жалпы улуттук маданияттын калыптануу процесси жүрүп жаткан мезгилде мектеп бул процесстин

негизги катализатору болуп саналат», – деп белгилейт. Муну менен өлкөбүздөгү калктын жалпы маданиятынын жана ошону менен катар окуучулардын экологиялык маданиятынын калыптануусундагы кемчиликтерди түшүндүрсө болот.

С. Дежникова экологиялык тарбиянын маңызын жаратылыш, башка адамдар менен, өзнүн ички дүйнөсүнүн рефлексия жолу менен өз ара мамилешүүсүндө маданияттын субъекти (интеллектуалдык, сезимдик, этикалык) катары инсандын өнүгүүсүнөн көрөт [4, 46-б.]. Бул позицияда экологиянын мазмундук мааниси бир гана биологиялык билим менен гана чектелбестен адамдын айлана-чөйрө менен болгон табигый жана социалдык аракеттешүүсүнүн тажрыйбасынын жана билимдеринин (гуманитардык, техникалык, табигый) синтези катары түшүндүрүлөт.

Азыркы мезгилде педагогикалык аксиология жаңы педагогикалык парадигма катары өнүгүп жатканын белгилесе болот. Өнүгүүдө аксиологиялык маданиятты калыптандыруу баалуулук багыттардын калыптануусунун жогорудагы бардык беш этаптарын өтүү зарыл.

Улуу орус педагогу К.Д. Ушинский тарбия бир гана билимдин кеңейишине гана эмес, ошондой эле адамдын ишенимине да таасир этүү керектигин дайыма белгилеп келген [1, 529-б.]. Б.Г. Иоганзендин ою боюнча экологиялык тарбия адамдын коом жана жаратылышка көз карандылыгын, айлана-чөйрөдөгү сулуулукту баалоо жана сактоо керектигин, замандаштарынын, ошондой эле келечектеги муундардын алдында жарандык жоопкерчилик сезимине ээ болууну түшүнгөн ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандырууну билдирет [5, 3-б.].

Демек, кыргыз адабиятын окутуу процессинде калыптануучу экологиялык маданияттын деңгээли жаратылыш жөнүндө билимдин өздөштүрүлүшү, ишенимдин калыптануусу, этикалык жана эстетикалык сезимдер, практикалык иш-аракет менен мүнөздөлүүгө тийиш.

С. Дежникова көптөгөн окуучулардын айлана-чөйрө менен болгон мамилешүү маданияты өтө төмөн деңгээлде экенине көңүл бурат. Алардын жаратылышты кабыл алуусу антропогендик таасир этүү объектиси сыяктуу түшүнүктөр менен гана чектелет. Ошондуктан көп мезгилде жаратылышка карата керектөөчүлүк мамилелери менен катар аяр мамиле кылуу, зарылчылык түшүнүгү жана жоопкерчиликтүү баарлашуусу менен коштолбойт. Ал «адам жана жаратылыш» үчүн аталган экологиялык коркунуч синдрому - окуучулардын экологиялык сабаттуулугунун маңызы адамдардын иш-аракетинин терс натыйжалары жөнүндө билимдер менен азыктанганын - белгилейт [3, 12-б.].

Е.В. Яковлева: «жүрүм-турум (социалдык, маданий, адептик) нормаларын билүү жана андан да жогору табигый илимдер материалынын жетиштүү көлөмү чыныгы жашоодо окуучулардын бул нормаларды сактоосун камсыздабайт», – деп

белгилейт [11, 175-б.]. Коюлган милдеттердин эффективдүү ишке ашуусу үчүн кыргыз адабияты аркылуу башталгыч класстын окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун маңызы жана технологиялары багытындагы суроолорду кылдат түрдө иштеп чыгуу керек. Суроону толук талдоону экологиялык маданиятты калыптандыруу процессинин мазмунун кароодон баштоо жөндүү.

Экологиялык маданияттын негизин төмөнкү компоненттер түзөт: билим, жаратылышка карата жашоонун жана сулуулуктун булагы катары эмоционалдык-баалуулук мамиле жана айлана-чөйрөнү калыбына келтирүү жана коргоо боюнча практикалык иш-аракет.

Биз экологиялык маданиятты калыптандыруу процессинин мазмунунун маселесин кароодо системалык ыкманы колдонуу оң натыйжаны камсыз кылышы мүмкүн деп эсептейбиз. И.Т. Суравегина экологиялык билим берүүдө системалык ыкманы ачууну төмөнкү маалыматтык аспекттердин жардамы менен карайт:

- «Илимий - айлана-чөйрөгө карата таанып-билүү мамилесин камсыз кылат. Ал табигый, социологиялык жана технологиялык мыйзам-ченемдүүлүктөрдү, жаратылыш, адам, коом жана ишмердүүлүктү алардын өз ара байланышында мүнөздөлгөн теорияларды жана түшүнүктөрдү камтыйт. Илимий билимдер жердин экологиялык бөлүнбөстүгүн, жаратылыш системаларынын бүтүндүгүн, алардын начарлашын түшүнүүдө негиздүү болуп саналат.

- Баалуулук – жаратылыш чөйрөсүнө карата адептик жана эстетикалык мамилени калыптандырат, ашыкча рациоалдуулукту жана керектөөчүлүктү жеңет. Бир гана айлана-чөйрөнүн сулуулугун көрүү гана эмес, ошондой эле ага суктануу жөндөмү, муну менен бирге айлана-чөйрөнү кайра калыбына келтирүү жана коргоого карата колдон келген жардамын берүүгө даярдыгы калыптанат.

- Нормативдик-экологиялык мүнөздөгү тапшырмалар жана тыюулар, нормалар жана эрежелер системасына ээ болууга, жаратылыш чөйрөсүндө коомго каршы жүрүм-турумдун ар кандай көрүнүшүнө болгон келишпестикке багытталат;

- Иш-аракеттик - экологиялык мүнөздөгү таанып-билүү, практикалык жана чыгармачылык билимдин калыптануусуна, эрк сапатынын өнүгүүсүнө багытталган адамдардын иш-аракетинин түрлөрүн жана ыкмаларын камтыйт. Экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө активдүүлүктү көрсөтүү зарылдыгы жана жөндөмү эсептелинет» [7, 127-б.].

Биздин көз карашыбыз боюнча экологиялык маданиятты калыптандыруу процессинин мазмуну адам менен жаратылыштын жогорку адептик мамилесинин негизин калыптандыруу үчүн өбөлгөлөрдү түзүү менен бирге жогоруда белгиленип кеткен аспекттерди чагылдырууга тийиш.

Уюштуруучу экспериментте биз адабияттын түрлөрү жана жанрларында

камтылган экологиялык мамиленин үлгүлөрүн аныктадык. Бул башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун мазмуну катары кызмат кылат.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. ***Архив К.Д.*** *Ушинского: В 4т.Т.1. [Текст] /. – М.: Изд-во акад. пед. наук РСФСР, 1959. – 592 с.*
2. ***Байгазиев, С.*** *Атуул жана Ата Журт [Текст] / С. Байгазиев. – Ф.: Кыргызстан, 1990. -192 б.*
3. ***Дежникова, Н.С.*** *Экологическое воспитание детей о подростков в России на рубеже столетий // Вестник экологического образования в России [Текст] / Н.С. Дежникова. – 2000. – №2. – С.12.*
4. ***Дежникова, Н.С., Цветкова, И.В****. Экология и культура. Методика воспитания младших школьников [Текст] / Н.С. Дежникова, И.В. Цветкова. – М., 1995. – 46 с.*
5. ***Иоганзен, Б.Г.*** *К постановке экологического обучения и воспитания в средней школе. [Текст] /Б.Г. Иоганзен.- М., 1979.-3с.*
6. ***Захлебный, А.Н., Суравегина, И.Т.*** *Экологическое образованиие школьников во внеклассной работе: Пособие для учителя. - М.: Просвещение, 1984. – 77 с), (81 Зверев И.Д. Экология в школьном обучении: Новый аспект образования. – М.: Знание, 1980. – 82 с*
7. ***Зверев, И.Д., Суравегина, И.Т.*** *Отношение школьников к природе [Текст] / И.Д. Зверев, И.Т. Суравегина. – М.: Педагогика, 1988. – 127 с.*
8. ***Морони, А.*** *Междисциплинарный подход к проблемам экологического образования [Текст] // Перспективы. / А. Морини. – 1992. – №1-2. – С.188-200.*
9. ***Мамбетакунов, Э., Сияев, Т.*** *Педагогиканын негиздери [Текст] / Э. Мамбетакунов, Т. Сияев. – Б.: Айат, 2008. – 304 б. – 210 б.*
10. ***Шилова, В.С.*** *Теоретические основы социально-экологического образования школьников [Текст]: Автореф. ди с. . д-ра пед.наук / В.С. Шилова. – Белгород, 1999. – 40 с.*
11. ***Яковлева, Е.В.*** *Развитие экологической культуры младших школьников [Текст] / дис. канд. пед. наук Е.В. Яковлева. – М., 1996. – 175с.*